КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
СУЗАК РАЙОНУ
ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ
ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЗАКСКИЙ РАЙОН
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ

*ТОКТОМ* *ПОСТАНОВЛЕНИЕ*

*«05» февраль 2022-жыл. №9/2* *Жар-Кыштак айылы.*

# ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКТЕГИ IX СЕССИЯСЫНЫН
# Т О К Т О М У

«Ырыс айыл өкмөтүнүн 2022-жылга жергиликтүү бюджетинин
киреше чыгашаларынын долбоорун жана 2023-2024-жылдарга
божомолун бекитүү жөнүндө»

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» Мыйзамын негизинде Ырыс айыл өкмөтүнүн 2022-жылга жергиликтүү бюджетинин киреше чыгашаларынын долбоорун жана 2023-2024-жылдарга божомолун бекитүү жөнүндө Ырыс айыл кеңешинин бюджет, финансы жана экономикалык маселелери боюнча туруктуу комиссиянын отурумунун сунушун жана айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы В.Алимжановдун билдүрүүлөрүн угуп, талкуулап Ырыс айыл кеңеши

Т О К Т О М К Ы Л А Т:

1. Ырыс айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2022-жылга жалпы кирешелери **42979,5** миң сом, анын ичинен жергиликтүү кирешелер **35708,5** миң сом, трансферттер **3685,0** миң сом, атайын каражаттар **3586,0** миң сом жана чыгышылардын көлөмү **42979,5** миң сом өлчөмүндө №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. 2023-жылга жалпы кирешелер **44903,0** миң сом, анын ичинен жергиликтүү кирешелер **36456,0** миң сом, трансферттер **3685,0** миң сом, атайын каражаттар **4762,0** миң сомго, 2024-жылга кирешелер **45447,0** миң сом, анын ичинен жергиликтүү кирешелер **37000,0** миң сом, трансферттер **3685,0** миң сом, атайын каражаттар **4762,0** миң сомго божомолу бекитилсин.
3. «Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык айыл өкмөтүнө берилген **3685,0** миң сом теңдөө гранты жана айыл өкмөтүнүн жыйналган салык, салык эмес жыйындарды биринчи кезекте көргөөгө алынган статьялар боюнча эмгек акы жана социалдык фонд төлөмдөрүн каржылоого №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.
4. Айыл өкмөтүнүн бюджеттик чыгымдары бөлүмдөр аралык жана статьялар аралык болунушу **42979,5** миң сом өлчөмүндө №3 тиркемеге ылыйык бекитилсин.
5. Ырыс айыл өкмөтүнүн 2022-жылга башкаруу бөлүмүнүн чыгымдарынын болунушу №4 тиркемеге ылайык **14100,0** миң сом өлчөмүндө бекитилсин.
6. Кыргыз Республикасынын Өкмөүнүн 08.07.2013-жылдагы №403-токтомунун негизинде Ырыс айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин 41 штат бирдиги кармалсын, (айыл башчылар 12 штат бирдиги, аскердик каттоо кызматкери 5 штат бирдик) (1 штат экономист-статист) айлык акылары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы №131 жана 2017-жылдын 7-августундагы №466-токтомдун негизинде **7619,5** миң сом, анын ичинен жергиликтүү бюджеттен **7469,8** миң сом эмгек акы фонду менен №5-тиркемеге ылайык бекитилсин.

7. Ырыс айыл өкмөтүнүн кызматкерлерин жана айылдык кеңештин торагасы, катчысы, ТТЧ бөлүмүнүн башчысына уюлдук байланыш телефондоруна №6 тиркемеге ылайык **136,8** миң сом өлчөмүндө корпоративдик байланышка жана интернет түтүктөрүнө төлөнсүн.
8. Айыл өкмөтүнүн башчысынын унаа чыгымдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы №767 токтомунун негизинде күйүүчү майлоочу заттар үчүн **187,2** миң сом жана кызматтык автоунааны тетиктерин сатып алуу үчүн **72,0** миң сом №7-тиркемеге ылайык бекитилсин.
9. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 24-беренесине ылайык айыл өкмөтүнүн резервдик фонду **400,0** миң сом өлчөмүндө бекитилсин.
10. Айыл өкмөтүнүн аймагында эпизотиялык аабалды өз деңгээлинде кармоо үчүн вакцинация иштерине **250,0** миң сом жана табигый кырсыктардын алдын алуу анын кесепеттерин жоюу үчүн **300,0** миң сом акча каражаты каралсын.
11. "Кыргыз Республикасында 2022-жылы эл жана турак-жай фондунун каттоого даярдык көрүү жана жүргүзүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин 22.10.2021-жылдагы №228 токтомунун негизинде эл жана турак-жай фондунун каттоого даярдыгына жергиликтүү бюджеттен **500,0** миң сом бөлүнсүн.
12. Айыл өкмөтүндө спорттук иш чараларды колдоо үчүн **200,0** миң сом акча каражаты бөлүнсүн.
13. КААБ иш чараларына жергиликтүү бюджеттен **100,0** миң сом ажыратылсын.
14. АПШ, ИТШ, техникалык көзөмөлдөө кызматы, иш кагаздарын даярдоо, экспертизадан өткөрү, жерлерди баалоо, соцаилдык объетилерине мамлекеттик актысын, техникалык шарттарды алуу, инвентаризация өткөрүү, генералдык план жасатуу үчүн **1200,0** миң сом бөлүнсүн.
15. Ырыс айыл өкмөтүнүн 2022-жылга айыл кеңештин башкаруу чыгымдарынын бөлүнүшү №8 тиркемеге ылайык **483,2** миң сом өлчөмүндө бекитилсин.
16. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 5.02.2020-жылдагы №64 токтомуна ылайык айыл кеңешинин төрагасына жана жооптуу катчысына 2 штаттык бирдик №9 тиркемеге ылайык бекитилсин.
17. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 7-июнундагы №386 "Жайыттар жөнүндөгү" Мыйзамын ишке ашыруу боюнча токтомуна жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 48-беренесине ылайык жайыт пайдалануучулардан жыйналуучу **696,0** миң сом өлчөмүндөгү акча каражатынын 575,0 миң сому жайыт ижарасына, 121,0 миң сому жер салыгына №10-тиркемеге ылайык төлөнсүн жана жайыт комитетине **464,0** миң сом өлчөмүндө акча каражаты келишимдин негизинде өткөрүп берилсин.
18. Ырыс айыл өкмөтүнүн 2022-жылга комуналдык чарба бөлүмүнүн чыгымдарынын болунушу №11 тиркемеге ылайык **15275,0** миң сом, (а.и. 15025,0 миң сом жергиликтүү бюджет, 250,0 миң сом атайын каражат) өлчөмүндө бекитилсин.
19. Кыргыз Республикасынын 27.10.2021-жылдагы №125 "Мамлекеттик жана муниципиалдык кызмат жөнүндөгү" Мыйзамын 21-беренесинин 4-бөлүгүнө таянып Ырыс айыл өкмөтүнө контракт негизинде юрист штаты жана муниципиалдык менчиктеги атайын техниканын (экскаватор-погрузчик тракторун) айдөөчүсү кызматын аткаруу үчүн №12 тиркемеге ылайык 2 штаттык бирдик кармалсын жана айлык акысы муниципалдык адистин бир айлык базасынан ашпаган өлчөмдө 7750,0 сомдон бекитилсин.
20. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексин 51-беренесине ылайык Ырыс айыл аймагынын калкына коммуналдык тейлөө кызматтарын көрсөтүү максатында айыл аймагындагы коомдук аянттарды, тротуарларды, жолдорду, ирригациялык түзүмдөрдү тиешелүү ирээтте күтүү, тазалыгын камсыз кылуу, жашылдандыруу, көрктөндүрүү иштерин жүргүзүү, түнкү жарыктандырууну камсыздоо, санитардык коопсуздукту камсыздоо, жолбун иттерди, мышыктарды, чөөлөрдү жок кылуу, жаныбарлардын өлүмтүктөрүн ташып чыгаруу, зыянсыздандыруу, айылдардын ичинде массалык маданий, саясий иш чараларды өткөрүүгө шарт түзүү, жеке жана юридикалык жактарга катуу тиричилик, курулуш, өндүрүштүк таштандыларын ташып чыгаруу кызматын көрсөтүү, айылдардын ичинде айлана-чөйрөнү коргоо жана экологиялык талаптарды сактоо, социалдык объектилерди таштандыларын чыгаруу ж.б.у.с. боюнча иш чарларды уюштуруусунда Ырыс айыл өкмөтүнүн турмуш тиричилик мекемесин (ТТЧ)

жергиликтүү бюджет эсебинен күтүүгө 1420,0 мин сом өлчөмүндө акча каражаты келишимдин негизинде өткөрүлүп берилсин жана жогорудагы акча каражаты бекитилген сметага ылайык каржылансын.

21. Турмуш-тиричилик калдыктарын, таштандыларды чыгаруу үчүн тарифтик төлөмдөрдү өлчөмүн (ставка) бекитүү жагы айылдык кеңеш тарабынан жүргүзүлөт.

22. Коммуналдык ишканасына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык салык, социалдык камсыздандыруу жана башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөө, өз ишмердүүлүгү боюнча бухгалтердик, оперативдүүлүк, белгиленгенген формада статистикалык эсептерди жүргүзүү милдеттендирилсин жана анын тактыгына жоопкерчилиги жүктөлсүн.

23. Турмуш-тиричилик чарбасы коммуналдык ишканасына ишмердүүлүгү бюджеттик нормага (КР “Мамлекеттик сатып алуулар” Мыйзамына) ылайык жүргүзүлсүн.

24. Ырыс айыл өкмөтүнүн 2022-жылга маданият бөлүмүнүн чыгымдарынын бөлүнүшү №13 тиркемеге ылайык **2252,0** миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

25. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 08-апрелындагы №135 токтомунун негизинде маданият бөлүмүнүн кызматкерлеринин 9 штат бирдиги кармалсын жана айлык акысы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 27-августундагы №429, 2017-жылдын 8-августундагы №495 жана 2011-жылдын 23-августундагы №489.-токтомдорун негизинде №14-тиркемеге ылайык **670,2** миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

26. Ооган согушунун ардегерлеринин 33 жылдыгына карата **76,7** миң сом акча каражаты ажыратылсын.

27. Ырыс айыл өкмөтүнүн билим берүү бөлүмү боюнча ар бир мектеп, балдар бакчасы, мектептен тышкары мекеме боюнча чыгымдалышы №15, №16, №17, №18 жана №19 тиркемелерге ылайык **9205,3** миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

28. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 15-январь 2008 жылдагы №7 токтомуна ылайык «Наристе», «Красная Шапочка», «Жоогазын» жана «Ромашка» балдар бакчасындагы тарбыялануучуларга ар бирине 18 сомдон күнүнө тамак ашына жергиликтүү бюджеттен 12 айга **2098,0** миң сом, атайын каражат эсебинен **3336,0** миң сом №20 тиркемеге ылайык акча каражаты ажыратылсын.

29. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 19.04.2011-жылдагы №170-токтомунун негизинде Ырыс айыл өкмөтүнүн аймагындагы “Нур шооласы” мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды күндүзгү калыптандыруу борборунун 3,5 штаттык бирдик кармалсын жана эмгек акысы 216,0 миң сом өлчөмүндө №21 тиркемеге ылайык бекитилсин.

30. 2022-2023-күз-кыш мезгилине карата мектептер жана бала бакчаларын жылытуу үчүн көмүр сатып алууга №22 тиркеме бекитилсин жана жергиликтүү кенештен **1130,0** миң сом акча каражаты ажыратылды.

31. Аймактагы мектеп жана бала бакчаларын таза суу менен менен камсыз кылууга бир жылына **113,5** миң сом акча каражаты ажыратылсын.

32. Мектептердин учурдагы ремонту жана окуу китептерин ижарага берүү үчүн ата-энелерден акы алуу жүргүзүлбөсүн.

33. Ырыс айыл өкмөтүнүн социалдык коргоо бөлүмүнүн чыгымдарынын бөлүнүшү №23 тиркемеге ылайык **1200,0** миң сом өлчөмүндө бекитилсин.

34. Ырыс айыл өкмөтүнүн 2022-жылга түзүлгөн социалдык экономикалык өнүгүү иш планы алымча кошумчасы менен №24 тиркемеге ылайык бекитилсин.

35. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 20-июнундагы №208-буйругуна ылайык электроэнергияга бөлүнгөн 1167 миң кВт лимитти бюджеттик мекеме уюмдар боюнча №25 тиркемеге ылайык бекитилсин жана жеткирилген лимиттерди сактоо мектеп директорлоруна мекеме уюмдардын жетекчилерине милдеттендирилсин жана көзөмөл жүргүзсүн.

36. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексына ылайык айыл өкмөтүндө 2022-жылда бюджеттин чыгымдарына өзгөртүү киргизүү бюджет, финансы жана экономика боюнча туруктуу комиссиясын сунушу менен сессияга сунушталсын.

37. АРИС, ПРООН, ЮСАИД, түрткү берүүчү грант жана эл аралык уюмдар менен иштоо үчүн жергиликтүү бюджет эсебинен каражат кароо белгиленсин.

38. Айылдарда долбоорлорго бөлүнгөн акча каражаты, долбоор жыл ичинде ишке ашпай калган учурда, бөлүнгөн акча каражаты ушул айылдын башка иш пландарына жумшалсын жана иш план боюнча бөлүнгөн акча каражаттардын конкурстан үнөмдөлгөн акча каражаттар башка

айылдын чечилбей калган муктаждыктарына жумшоону айыл кеңештин бюджеттик, финанс жана экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиянына жана айыл өкмөтүнүн башчысына сунушталсын.

39. Айыл өкмөтүнан жыйналган атайын каражаттарды казыналык системаны актап өтүп пайдалануусуна тийүү салынсын. Аталган тартип бузулган учурда атайын каражаттын 100% Республикалык бюджеттин кирешесине алынышы эскертилсин.

40. Бюджеттик каражаттарды максатуу жана үнөмдүү пайлалануу жана ички резервтерди изилдеп кошумча киреше булактарын табууну айыл өкмөтүнүн башчысына, КЭБ башчысына, салык сектор башчыларына милдеттендирилсин.

41. Айыл кеңештин депутаттарынан же бюджет, финанс жана экономика маселелери боюнча турукту комиссия мүчөлүрү мамлекеттик сатып алуулар боюнча өткөрүлүүчү конкурстарга комиссия мүчөсү катары киритилсин.

42. Айыл өкмөтүнүн иш планы боюнча аткарылып жаткан жумуштар боюнча ар квартал сайын бюджет, финансы жана экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына маалымат берип туруу жагы айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысына тапшырылсын.

43. Сырттан инвестиция тартуу жолу менен элди иш менен камсыздоо боюнча жаңы иш орундарын ачууну айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Халиловко милдеттендирилсин.

44. Токтомдун финансалык пункуттарын көзөмөлдөө айыл кеңештин бюджет, финансы жана экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Н.Жусупбаевке милдеттендирилсин.

45. Токтомду Юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүү айыл кеңешинин жооптуу катчысы А.Сатвалдиевке милдеттендирилсин.

Төрага Кадиркулов Ш.К.